# «Миграциядан жапа чеккен көп муундуу кожолуктарда жакырчылыкты азайтуу»

№ 2- саны №2 апрель, 2011



*«Улгайган адамдар өткөн мезгилдин, азыркы учурдун жана келечектин ортосундагы өзгөчө бир ортомчулары болуп эсептелет. Алардын акылмандуулугу жана жашоо тажрыйбалары коомдун ишенүчтүү өзөгүн түзөт» (БУУнун Генералдык секретары Кофи Аннандын сүйлөгөн сөзүнөн)*



**Бүгүнкү санда:**


- «Улгайган адамдардын маселелерине арналган Мадрид эл аралык иш-чара пландары»
- Неберелерин баккан улгайган адамдарга кантип жардам бере алабыз?
- Улгайган адамдар мониторинг жүргүзүшөт
- «Менин сүйүктүү чоң энем» - деп жазышат балдар
- Улгайган адамдар менен жүргүзгөн биздин иштерибиз
- Муну билүүбүз зарыл: Картайуунун сандык көрсөткүчү


ФГСП

MSh

HelpAge International

age helps

# Урматтуу окурмандар!

Сиздердин алдыңыздарда Евросоюз тарабынан каржыланган «Мигранттардын көп муундан турган үй – бүлөлөрүндөгү жакырчылыкты жоюу» долбооруна арналган маалымат бюллетенинин экинчи саны. Бул санда сиздерге акыркы мезгилдерде жетишилген ийгиликтер туурасында, жана дагы биздин Улгайган Адамдардын Топтору (УАТ) өткөргөн иш – чаралары, алар кандай жашап жаткандыгы, жана кайсы нерселер аларды кубандырраары жөнүндө айтып беребиз.

Сиздер, ошондой эле картайуу маселесине арналган, улгайган адамдардын жашоосу жана алардын укуктары жөнүндө көптөгөн пайдалуу маалыматтарды ала аласыздар. Бул эң алгач «Картайуу маселелерине арналган Мадрид эл аралык иш – чаралар пландары». Бул документ тең улгайган адамдардын укуктарын коргоодо негиз болот. Улгайган адамдардын чечилбеген маселерине кайдыгер карабаган, улгайган адамдардын жашоосуна жана иштерине татыктуу шарт түзүп берүүгө чын жүрөктөн кызыктар бардык адамдарга бул маалыматтар жардам берет деп үмүттөнөбүз.

Ошондой эле биз бул санга мигранттардын балдарынын кубанычтарын жана кайгысын тең бөлүшүп, аларды тарбиялаган чоң энелери жөнүндө жазган сочинениелерин киргиздик. Ушул каттарды алардын ата - энелери окушат деген чоң үмүтүбүз бар.

Улгайган адамдар неберелерин тарбиялоодо биздин жардамыбызга муктаж. Жумуш издеп башка өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болгон балдары үчүн алардын жүрөгү ооруйт, ошондой эле ата- энесинин мээримин жана тарбиясын албай жаткан неберелери үчүн дагы убайым тартышат.

*«Биздин неберелерибиз ата-энесиз өсүп жатышат. Кантип 70-80 жаштагы чоң ата, чоң энелер неберелерин тарбиялай алышат? Айылдарда бала бакчалары жок. Биз аларды чай менен гана тойгуза алабыз, болгон колубуздан келгени ушул. Мындай жашоодон кантип чыгышыбыз керек? Ким бизге жардам берет? Мен өзүмдүн балдарымды, неберелеримди аяйм.» (Боконбаево айылынын пенсионери)*

ХэлпЭйдж Интернешнл уюмунун атынан Кыргызстандагы бардык улгайган адамдардын чыдамдуулугуна, акылмандуулугуна, балдары жана неберелерине болгон мээрими менен, ушул бардыгыбыз тең башыбыздан өткөрүп жаткан оор мезгилге карабастан, кам көрүп жаткандыгы үчүн мен терең ыраазычылыгымды билдирем.

Сиздерди урматтоо менен,

Бегаим Ералиева, долбоордун менеджери



ХэлпЭйдж Интернешнл

*«Картайган адамдар жана балдар менен, эч кандай жардамсыз калган үй-чарбалары көп айылдардын саны бизде арбын» (Нуржагдиев Расулжан, райондук социалдык коргоо бөлүмүнүн башчысы)*

# Улгайган адамдар биздин жардамыбызга муктаж!





ХэлпЭйдж Интернешнл/Малик Алымкулов

ХэлпЭйдж Интернешнл жарандык коомду улгайган адамдарга, башкача айткада неберелерин багып калган чоң ата, чоң апаларыбызга кантип жардам бере ала тургандыгыбыз жөнүндө ойлонууга чакырат. Дүйнө жүзү боюнча миллиондогон балдар ата-энелери жумуш издеп башка өлкөлөргө кеткени үчүн, же СПИДден каза болгондугуна байланыштуу, же болбосо ата-энелери жөн гана үй-бүлөлөрүн таштап кеткендиги себептүү картайган адамдардын багуусунда калышкан. Улгайган адамдар, жана алар кам көрүп жаткан балдар ченемсиз стресс болушат, каражат оорчулуктарын жана эмоционалдык жактан кыйынчылыктарды тартышат. Бул кампания эмне үчүн керек? Эң алгач, коомдогу улгайган адамдар жөнүндөгү калыптанып калган көз караштарыбызды өзгөртүү үчүн керек. Бул глобалдык жана бардыгыбызды толкунданткан маселе. Кампания, улгайган аялдардын жана эркектердин үй-бүлөдөгү жана коомдун өнүгүшүндөгү жетектөөчү ролун түшүнүүгө жана таанууга жардам берет. Мындан сырткары, кампания муундар ортосундагы байланышты орнотууга көмөк көрсөтөт.

Улгайган адамдар жана балдардан турган үй-чарбалары жардамга, колдоого айрыкча муктаж жана жакыр. Бул кампания аларга көңүл бурдурат. Кампания жардамга, колдоого муктаж көп муундан турган үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүүнү, жана алардын жашоосуна жакшы, жагымдуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү көздөйт. Ошондой эле кампания улгайган адамдар коомго көрсөтүп жаткан баа жеткис жардамын, жана коомдун өнүгүшү үчүн кошкош салымын чагылдырат.

Балдар маселелери менен иш алып барган ӨЭУнын жетиштүү деңгээлдеги маалыматтары көрсөткөндөй, баланын өнүгүшү үчүн эң жакшы жай - бул үй-бүлө. Кам көргөн, жагымдуу шартта гана баланын укуктары сакталышы мүмкүн. Канчалык жакшы болсо дагы, эч бир баланы карай турган мекеме, бала үчүн үй-бүлөдөгүдөй жагдай түзө албайт. Бирок көп муундан турган үй-бүлө, эгер ортоңку муун жок болгон кырдаалда, өкмөттөн жана коомдон бардык колдоолорду алышы керек. Улгайган адамдар үчүн тарбиячынын ролу оңой жана жаратылышына туура келет деп ойлобошубуз керек. Бүткүл дүйнө жүзүндө улгайган адамдар үчүн экинчи жолу ата-эне болуу эң оор сыноо. Башкача айтканда, миллиондогон улгайган адамдар ата - эненин милдеттерин аткарып, өз неберелери жөнүндө кам көрүп жатышат. Мисалы АКШда 6.4 миллион улгайган адам өз карамагындагы неберелерин багууда.

Азыркы мезгилде өлкөлөр жана социалдык структуралар балдарды тарбиялоодогу улгайган адамдардын өзгөчө маанилүү ордун таанығыдай абалда эмес. Эгер чоң ата, чоң апалары болбогондо, дүйнө жүзү боюнча жүз миңдеген балдар, убактылуу жайларда, балдар үйлөрүндө же көчөлөрдө калышмак. Көптөгөн сыноо, кыйынчылыктар алдында алар алсыз болушмак.

Биздин долбоор көп муундан турган, картайган адамдар жана алардын неберелери калган мигранттардын үй-бүлөлөрүнө жардам көрсөтүүгө багытталган.

*«Картайган адамдар жана балдар менен, эч кандай жардамсыз калган үй-чарбалары көп айылдардын саны бизде арбын» (Нуржагдиев Расулжан, райондук социалдык коргоо бөлүмүнүн башчысы)*

*«Жакшы долбоор үчүн  рахмат!  Бизге, биздин неберелерибизге жардам бергиси келген кимдир-бирөөлөр бар экендигине жана биз кантип  жашап жаткандыгыбыз жөнүндө башкалар дагы ойлонуп жатканына мен абдан кубанычтамын» ( Боконбаево айылындагы чоң эне)*



ХэлпЭйдж Интернэшнл/Алоис Шлаффер

*«Жакшы долбоор үчүн рахмат!  Бизге, биздин неберелерибизге жардам бергиси келген кимдир-бирөөлөр бар экендигине жана биз кантип  жашап жаткандыгыбыз жөнүндө башкалар дагы ойлонуп жатканына мен абдан кубанычтамын» (Боконбаево айылындагы чоң эне»)*

Биздин долбоордун жүрүшүндө неберелерин тарбиялоого аргасыз болгон  улгайган адамдар өкмөттөн эч кандай жардам албастыгын билдик. Алардын ата-энелик укуктары жок, ошондуктан неберелери үчүн жардам акча алышпайт. Ошентип көп, көп үй-бүлөлөр неберелерин өздөрүнүн чакан пенсиясына бакканга туура келет, себеби мигранттар жакшы айлык акы төлөгөн жумуш издөөсү үчүн айлар, кээде жылдар дагы кетет. Улгайган адамдар бөлөк - бөтөн жерде жүргөн чоң балдары үчүн абдан тынчсызданып, убайым тартышат. Мигранттардын көпчүлүгү Мекенине жылдап келишпейт, балдарын көрүшпөйт жана ата-энелери кантип оор акыбалда жашап жатышкандыгын билишпейт.

Көп айылдык аялдар өз кезегинде иштебестен, балдарын тарбиялоо менен алек болушкан. Андыктан алардын пенсиясы таптакыр эле аз, жана алар неберелерин татыктуу бага алышпайт. Мындан сырткары улгайган адамдар, ата-энесин сагынып жаткан неберелерин көрүп эмоционалдык түйшүк тартышат, дене кыймылына байланышкан кыйынчылыктар: өзүң багууга муктаж болуп турганда, балдарды багуу өтө кыйын.

Улгайган адамдар үчүн татаал иш болгон неберелерди тарбиялоодо, биз кандай жардам көргөзө алабыз? Улгайган адамдардын оор эмгеги үчүн, чыдамдуулук, акылмандык, каармандык менен балдар жөнүндө кам көрүүсү үчүн ыраазычылык билдирүү ирээтинде эмне кыла алабыз? Коом улгайган адамдарга, алардын үй-бүлөнүн жана коомдун өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн кантип ыраазычылыгын билдире алат?

Биз окурмандарыбызды, бул суроолорду бюллетендин барактары аркылуу талкуулоого катышууга чакырабыз. Сиздердин сунуштарыңыздарды жана ой- талаптарыңыздарды чыдамсыздык менен күтөбүз!

# Биздин жетишкендиктерибиз

Өткөн мезгилдин ичинде биздин долбоорубуз коюлган максаттарына жетүү үчүн көптөгөн иш - чараларды өткөрдү. Биздин өнөктөштөрүбүз 20 Улгайган Адамдардын Топторун түзүштү. (УАТ) Бул топторго бардыгы болуп 286 улгайган адам тартылган: 32 эркек жана 254 аял.

| УАТ нын мүчөлүрү | Аялдар | Эркектер | 50-59 жашта | 60–69 жашта | 70-80 жашта | + 80 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 286 | 254 | 32 | 119 | 100 | 45 | 6 |

- Долбоор төмөндөгү уюмдар жана өкмөттүк структуралар менен өз ара тыгыз мамилелерин түздү: жарандык коом уюмдары «Замандаш», «Улгайган адамдар үчүн ресурстук Борбору», «Коомдук технологиялар борбору», «Жарандар коррупцияга каршы» жана өкмөттүк эмес уюм «Адамдар укугу боюнча Кенеши», өкмөттүк уюмдар, Кыргыз Республикасындагы жакырчылык, миграция, картайуу маселелери менен иш алып барган жергиликтүү бийликтер.
- Жардамга жана колдоого муктаж көп муундан турган мигранттардын үй- бүлөсү жөнүндө жергиликтүү бийликтердин, жарандык коомдун, өкмөттүк уюмдардын маалымдуулугун көтөрүү максатында, долбоор көптөгөн иш-чараларды өткөрдү. Коомчолордо жолугушуулар уюштурулду: Консультативдик Кеңештин долбоор боюнча жолугушуусу, социалдык коргоо Министрлигинин астындагы Консультативдик Кеңеш менен жолугушуу, жана эң манилүүсү, депутаттардын, социалдык жактан коргоо министринин, УАТ нун лидерлеринин, жергиликтүү башкаруу бийликтеринин өкүлдөрүнүн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусу менен Улуттук Форум өткөрүлдү. Көп муундан турган мигранттардын үй-бүлөсүнө социалдык кызмат жана жардам көрсөтүү боюнча жергиликтүү мыйзамдарды анализдөө максатында, долбоор



Жапар Канаев ФГСП

изилдөөлөрдү жүргүзө баштады. УАТна жана жергиликтүү башкаруу органдарына, көп муундан турган мигранттардын үй-бүлөсүнүн жардамга жана колдоого муктаждыгын мониторинг жасоо боюнча тренинг өткөрүлдү. Ошондой эле улгайган адамдардын бюджетти угууга катышуусу боюнча жана биргелешип жардамга муктаж улгайган адамдардын жашоосун жакшыртууну пландаштуу боюнча дагы тренингдер өткөрүлдү.

- УАТ жардамга жана колдоого көбүрөөк муктаж болгон мигранттардын үй- бүлөлөрүнө ай сайын жардам көрсөтүп турушат. Жалпысынан максаттуу айылдарда 14, 391 көп муундан турган мигранттардын үй - бүлөлөрү аныкталган.
- Алардын ичинен 1,097 көп муундан турган мигранттардын үй-бүлөлөрү жардамга жана колдоого өтө муктаж экендиги аныкталган. Улгайган адамдардын жардамы менен долбоор тарабынан түзүлгөн клубдардын иштерине эки жүз жетимиш бала жана 195 улгайган адам тартылган. Клубдар өз коомчолорунда муундар аралык байланышты чыңдоого багытталган, жана улгайган адамдарга жардам көрсөтүүгө арналган ар кандай иш – чаралады өткөрүп турушат. Жогорку класстын окуучулары үй иштерине, талааларды иштетүүгө жардам беришет жана улгайган адамдарды майрамдарда куттуктап, концерт коюп турушат.
- УАТ микро - долбоорлоду ишке ашырууга киришишти. Бул максатта ар бир топко долбоор тарабынан 500 евродон бөлүнүп берилген. Ошентип 20 коомчолордо жергиликтүү администрациянын катышуусу менен 20 долбоор ишке ашырылып жатат.
- Долбоор боюнча маалымат бюллетенинин биринчи саны (250 нуска) орус жана кыргыз тилдеринде чыгарылган. Бюллетень УАТ нун мүчөлөрүнө жана жарандык коом уюмдарына, ошондой эле максаттуу жергиликтүү коомчолорго дагы таратылып берилген. Электрондук версиялары AgeNet Central Asia. тармагы боюнча таркатылды.
- УАТ максаттуу айылдарда көп муундан турган үй- бүлөлөрдүн кандай колдоого жана жардамга муктаж экендигин ай сайын изилдөөнү жүргүзө баштышты. Изилдөө 12 ай ичинде жүргүзүлөт.



Жапар Канаев ФГСП

*«Мен учун семинар абдан тушунукту болду. Мен озум жаш эмесмин, ошондуктан тушунбой калам деп корктум. Карыгында жашоон кыйын болуп калат экен. Бирок жанында тен туштарын болгондо алар жардам беришет» (Салима, Кара Суу районунун тургуну)*

# Картайуу маселелерине арналган Мадрид эл аралык иш-чара пландары

*«Улгайган адамдар өткөн мезгилдин, азыркы учурдун жана келечектин ортосундагы өзгөчө бир ортомчулары болуп эсептелет. Алардын акылмандуулугу жана жашоо тажрыйбалары коомдун ишеничтүү өзөгүн түзөт»*
*(БУУнун Генералдык секретары Кофи Аннандын сүйлөгөн сөзүнөн)*

Мадрид эл аралык иш – чаралар планы 2002 - жылы Мадридде картайууга тиешелүү маселелер боюнча экинчи Бүткүл дүйнөлүк Ассамблеясында кабыл алынган. Эл аралык иш-чара пландарынын максаты – дүйнө жүзүндөгү улгайган адамдарга татыктуу жана коркунучсуз шартта жашоону, улгайган адамдардын коомчулуктун жашоосуна толук укуктуу мүчө катары катышуусун камсыз кылуу.

## Мадридде картайуу маселелерине арналган үч негизги багыт иштелип чыккан:

- Улгайган адамдар жана өнүгүү;
- Улгайган мезгилде ден-соолукту жана турмуш шартын жакшыртуу;
- Улгайган адамдар коомдун жашоосуна активдүү катышуусу үчүн бардык ыңгайлуу шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;

Кыргызстан, биринчилерден болуп 2004 – жылы БУУ нун жардамы менен, улгайган адамдардын муктаждыктарын, жана аларга зарыл болгон нерселерди аныктап, «Мадрид эл аралык картайуу маселелерине карата иш—чара пландарын» алга жылдыруу боюнча эл аралык конференция өткөрдү. Башкача айтканда, Кыргызстан ушул пландарды өлкө ичинде ишке ашыруу милдеттерин өзүнө алды.



ХэлпЭйдж Интернэшнл/Малик Алымкулов

# «Картайуу маселелерине арналган Мадрид эл аралык иш - чара пландары» кандай иш жүргүзүүнү көздөйт?

**Эң алгач бул план, өкмөттүк мекемелер, жарандык коом, жеке сектор жана улгайган адамдар ортосундагы өнөктөштүк мамилелерин түзүүнү ишке ашыруу үчүн керек болгон төмөндөгү иш чараларды камтыйт:**



ХэлпЭйдж Интернэшнл/Алоис Шлаффер

1. Улгайган адамдар үчүн бардык адам укуктарынын жана эркиндигинин сакталышын камсыз кылуу;
2. Улгайган адамдардын коопсуздугу сакталган шарттарда жашоосун камсыз кылуу. Бул биринчиден улгайган адамдар арасындагы жакырчылыкты жоюу, жана БУУнун улгайган адамдарга карата принциптерин өнүктүрүү. Улгайган адамдардын коомдун социалдык, экономикалык жана саясий жашоосуна толук укуктуу жана натыйжалуу катышуусу үчүн бардык шарттарды түзүп берүү;
3. Улгайган адамдар өздөрүнүн ишке аша элек жеке жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрүүсүнө жана ишке ашыргыдай шарттарды түзүп берүү;
4. Улгайган адамдарга карата болгон кысымдардын, зомбулуктун бардык формаларын жоюу;
5. Жашына жана жынысына карата болгон дискриминацияны жоюу;
6. Үй-бүлөдөгү өз ара байланыштын жана муундардын биримдигинин, улгайган адамдар үчүн татыктуу шарттарды түзүүдө зор мааниси бар экендигин таануу;
7. Улгайган адамдарга медициналык жардам көрсөтүү жана аларды социалдык жактан коргоо;
8. Картайуунун жеке, социалдык, медициналык, айрыкча өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү, себептерин аныктоо максатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

Жакынкы мезгилге чейин Кыргыз Республикасындагы улгайган адамдардын маселелерин чечүүгө жетишээрлик көңүл бурулбай келгендиктен, мындай кырдаал улгайган адамдардын арасындагы социалдык чыңалуунун өсүшүнө алып келди. Республикада, улгайган адамдардын укугун камсыз кылуу боюнча, өкмөттүн бардык кызыктар тараптар менен биргелешкен стратегиясы болгон эмес.

**«Картайуу маселелерине арналган Мадрид эл аралык иш чара пландарын »** аткаруу милдетин өзүнө алуу менен Кыргызстан улгайган адамдардын укугун өз мыйзамдарына, бюджетине, кызмат көрсөтүүчү адамдарды окутуу программаларына киргизүүсү зарыл.

Улгайган адамдардын укуктары өкмөттүк деңгээлде корголушу аларга коомдун башка мүчөлөрүндөй эле татыктуу, коркунучсуз жашоодо болушун камсыз кылат.

# «Улгайган адамдар мониторинг жүргүзүшөт»

ХэлпЭйдж иштеп чыккан «Улгайган адамдар мониторинг жүргүзүшөт» ыкмалары көп өлкөлөр тарабынан колдонулуп келет, алардын ичинде Орто Азия дагы бар. Кыргызстанда, улгайган адамдар 2008-2009 - жылдары жүргүзгөн мониторингдин жыйынтыгында, айына бир жолу берилүүчү жардам акча жөнүндө отчет иштелип чыккан. Улгайган адамдар чогулткан маалыматтар, жардам катары төлөнүүчү акчаны кимдер алышы керектигинин критерийин иштеп чыгууда колдонулган. Долбоор, көп муундан турган, жардамга жана колдоого муктаж үй-бүлөлөрдүн, жана миграциянын бул үй-бүлөлөргө тийгизген таасирин мониторинг жүргүзүү боюнча, социалдык кызматкерлери, максаттуу айылдардагы жергиликтүү администрациялардын адистери үчүн жана 20 УАТнун лидерлерине тренинг өткөрдү. Тренингдин жыйынтыгында, улгайган адамдар көп муундан турган үй-чарбасынын күнүмдүк жашоосуна миграция кандай таасирин тийгизип жаткандыгына мониторинг жүргүзө башташты. Алар ошондой эле жергиликтүү администрациянын адистеринин жана улгайган адамдардын өз милдеттерин, башкача айтканда, коргоого жана жардамга муктаж адамдарга жана балдарга көмөк көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн баалоо жүргүзүшөт, ошондой эле респонденттердин курчап турган чөйрөгө таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүн анализдешет.

*«Мадрид эл аралык иш-чара пландары» - биздин бакубат келечегибиз учун.*



ХэлпЭйдж Интернэшнл/Малик Алымкулов





Жапар Канаев ФГСП

Ошентип УАТ мониторингди төмөндөгү максаттар менен жүргүзүшөт:

- Көп муундан турган үй- чарбалардын кандай жардамга муктаждыгынын мүнөздөмөсүн аныктоо үчүн маалыматтарды чогултуу;
- Көп муундан турган үй-чарбаларынын күнүмдүк жашоосуна миграциянын тийгизген таасирин аныктоо жана баалоо;
- Жардамга, колдоого муктаж үй-чарбалары оор жашоо шартында колдонгон стратегияларын, жана өкмөт тарабынан көрсөтүлүп жаткан жардамдардын формасын аныктоо;
- Регионалдык жана жергиликтүү деңгээлде миграциянын түрүн жана анын көп муундан турган үй- чарбаларына тийгизген таасирин аныктоо;

Мониторинг 2010 - жылдын ноябрь айында башталды жана бир жыл ичинде улана бермекчи. Жыл мезгилинен, акча которуунун санынын өзгөрүшүнөн, электр кубаттуулугунун жоктугунан, жана кирешеден улам пайда болгон жакырчылыктын мүнөздөмөсү тууралуу маалыматтарды УАТ чогултуп жатышат. Фокус топтору маалыматтарды көп муундан турган үй-чарбаларынын башчылары менен, администрациялардын жетекчилери менен, социалдык кызматкерлери жана улгайган жарандар менен интервью жүргүзүү аркылуу топтошот. УАТ ай сайын ар кандай изилдөөлөрдү жүргүзүп турушат, мисалы: «Үй—бүлөнүн кирешеси жана чыгашасы», «Ден-соолукту чыңдоого бөлүнгөн чыгымдар», «Көмүргө, бензинге жана күйүүчү отунга болгон баа», «Кышында үй ичиндеги абанын температурасы», «Тамакка колдонулган азык-түлүктүн мониторинги» ж.б.

Мониторинг жүргүзүү учурунда чогултулган маалыматтар өкмөт жана тийиштүү структуралар, жарандык коомдор тарабынан көп муундан турган жардамга жана коргоого муктаж үй-чарбаларынын жашоосун жакшыртуу максатында колдонулат деп биз үмүттөнөбүз.

# Мониторинг түрүндө кандай иштер аткарылды

УАТ, мониторинг жүргүзүү үчүн, өздөрүнүн коомчолорунда интервью алып жана анкеталарды толтуруучу респонденттерди социалдык кыматкерлердин, айыл өкмөттөрдүн башчыларынын жана жашоочулардын жардамы менен аныктап алышты. Негизги респонденттер - көп муундан турган үй-чарбаларынын жана мигрант үй-бүлөлөрүнүн башчылары.
200 жардамга жана колдоого муктаж көп муундан турган үй-чарбалары аныкталган. УАТ нун 20 мүчөсү жана коомдун, жергиликтүү администрациянын мүчөлөрү, негизги изилдөөнү жүргүзүү үчүн тандалып алынды.
Фокус топтору айыл өкмөтүнүн адистери менен өзүнчө жана үй-чарбаларынын башчылары менен дагы өзүнчө өткөрүлдү. Ар бир фокус тобуна 5-6 катышуучу кирди. Кээ бир талкуулоолор диаграммаларды жана карталарды түзүүнү камтыды. Кырдаалды так, даана түшүнүү үчүн интервьюда чечүүчү жана кошумча суроолор берилди.

Азыркы мезгилге төмөндөгү маалыматтар чогултулду:

1. Айылдын жашоочулары жөнүндө баштапкы маалыматтар, эл пайдалана ала турган социалдык кызматтар жөнүндө маалымат;
2. Элдин жардамга жана колдоого муктаж экендигин жергиликтүү бийликтин адистери тарабынан түшүнүүсү, жана алар көрсөтүп жаткан жардамды аныктоо;
3. Көп муундан турган үй- чарбаларынын жыл мезгилине жараша жардамга жана колдоого муктаж болуусу;
4. Көп муундуу үй- чарбаларынын жардамга, колдоого болгон муктаждыктары жөнүндөгү баштапкы маалыматтар;
5. Муундар ортосундагы өз ара мамилелерди изилдөө;

*«Силердин жардамынарга чон рахмат. Мени дагы ойлопкойгон, ал акыбалымды сурап койгон адамдар бар экен. Рахмат сиздерге. Озумду эми жалгызмын деп сезбей калдым», - (Тамга айылынын тургуну, Иссык Кол областы)*



Жапар Канаев ФГСП





## Мен чоң атамды жакшы көрөм!

Мен Максатбек  уулу Орозали 1992 – жылдын декабрь айында төрөлгөм. Менин апам, атам, эжем жана иним бар. Апам, атам жана эжем Россияда иштешет. Ата- энелерибиз Россияда кезде биз  чоң атам жана чоң апам менен жашайбыз. Алар биз үчүн дүйнөдөгү эң жакшы кишилер.

Биз аларды абдан жакшы көрөбүз жана сыйлайбыз. Мен өзүмдүн чоң атам менен сыймыктанам,  ал чыныгы адам. Ал дайыма адамдарга жардам берет. Чоң атам милицияда 32 жыл адамдардын тынчтыгын коргоп иштеген. Ал азыр ардактуу эс алууда, пенсионер. Чоң атам бизди жакшы иштерди жасоого: жакшы окуганга, улууларды сыйлаганга, жана өзүбүздөн кичүүлөргө жардам берүүгө үйрөтөт. Эч качан калп айтпагыла дейт. Чоң атам мындай деп айтат: «Эгер сен чыныгы эр азамат болсоң, сен аскерде кызмат өтөп, Мекеңди коргошуң керек. Бул сенин Мекен алдындагы милдетиң».  Мен чоңойгондо аскерде кызмат өтөйм, андан кийин Бишкектеги милиция жогорку мектебинде окуйм. Өзүмдүн чоң атамдай чыныгы адам болом. А чоң апам болсо дүйнөдөгү бардык чоң энелердин ичинен эң жакшысы. Ал тамакты абдан даамдуу жасайт. Биздин мектептен келишибизди дайыма күтөт, биз үчүн тынчсызданат. Биз чоңойгондо алар үчүн кам көрөбүз. Биз чоң ата,  чоң апамдарга жакшы кийим, бут кийимдерди кийгизип жана даамдуу тамактарды жасап беребиз. Менин өзүмдүн үйүм жана машинам болот, жана чоң атам жана чоң апамдар меникинде жашашат. Атам жана апамдар Россияда иштешет, бул жакшы дечи. Алар бизге акча салып турушат, бирок карындашым бизге эненин мээрими жетишпейт деп айтат. Кээде апам менен сүйлөшкүм келет, себеби ал мени дайыма түшүнөт.

Максатбек уулу Орозали,
В.И.Ленин атындагы орто мектеп.
Карасуу району,  Киров айылы.

# Таятам жана тайенем

Мени тайенем баккан.  Сиңдим экөөбүз тең таята, тайенемдин колунда өскөнбүз. Апам Москвада иштейт. Атам оорукчан, иштебейт.  Тайенем пенсионер. Сиңдим экөөбүз тең мектепте окуйбуз. Биз эки бир тууганбыз. Мен өздүк көркөм чыгармачылыкка катышам, ыр ырдайм, бийлейм, комуз чертем.  Мектептен калбайм. Бош убактымда тайенеме жардам берем. Тайенем небере багат, бирок тайенем тапшырмаларыма жардам бере албайт, себеби түшүнбөйт.

Бирок убактымдын жоктугуна карабастан коомдук иштерге катышканга аракет кылам. Сиңдимдин сабактарына жардам берем. Тайенемдин, тайатамдын эмгегин актаганга аракет кылам.

Мектептен жакшы билим алып, келечекте врач болгум келет, себеби тайенем  көп ооруйт, атам да оорукчан,  врач болсом өзүм дарылап, айыктырам. Апам Россияда болгону менен дайым телефондон сүйлөшкөндө мени уятка калтырбай жакшы окугула дейт. Мен силер деп, алыста иштеп жүрөм дегенде, мен абдан ыйлагым келет. Апамды абдан сагынам, бирок айла жок. Апам жөнөткөн акчалар атамды дарылатканга кетет.  Бизди бакканга апамдын ден-соолугу жакшы болушун Кудайдан тилейм.

Ошондуктан, апам ойлогондой Кыргызстандын керегине жараган чыгаан кыздардан болсом деп эңсейм.

Шайназарова Мээрим,
Карасуу району

Жапар Канаев ФГСП



*“ Менин тай энем окууда. Мен тай энем менен абдан сыймыктанам.”*

# Жылына бир келүүчү эң бактылуу күн



Хэлпэйдж Интернэшнл

*Озубуздун ден соолугубузду, энергиябызды, жашообузду балдарыбызга беребиз. Биз карыгында бизди багышарбы деп.*

Мен сиңдим экөөбүз чоң атам жана чоң апамдар менен жашайбыз, себеби биздин апабыз акча табыш үчүн башка жакка кеткен. Чоң атам менен чоң апамдар пенсионерлер, алар бат - бат ооруп турушат. Чоң апам кант диабети менен ооруйт, а чоң атамдын оорусу эмне экендигин даана билбейм, бирок буту ооруйт. Акыркы эки жылда чоң апамдын көзү жакшы көрбөй жүрөт. Биз ар бир айда чоң апамдын көзүн текшерткени ооруканага барабыз. Биз сиңдим экөөбүз үй- чарбасындагы жумуштарды жасап жетишкенге аракет кылабыз. Апам бизге жылына бир жолу келип кетет. Бирок күнүгө телефон чалып бизди жакшы окугула, чоң ата, апаларыңарга жардам бергиле деп айтып турат. Апам бизди абдан сагынганын, үйгө келгиси келип жатканын айтат. Биз дагы апабызды абдан сагынабыз. Биз апабыздын үнүн укканда көзүбүзгө жаш толот. Биз апамды капа кылбаш үчүн, сагынычыбызды билдирбегенге аракет кылабыз. Апам бизге келгенде, болгону эки жумага гана келет. Биз эмне үчүн аз убакыт беришет деп сураганыбызда, шарт ошондой деп жооп берет. Апам иштеп, бизди камсыз кылганга аракет кылат. Биздин апабыз абдан сулуу жана жогорку билимдүү. Апам абдан эле шайдоот. Апам биздин  дагы жогорку билим алышыбызды каалайт, жана биз ал үмүтүн актаганга аракет кылабыз. Ал дайыма бизди чоң ата, чоң апаңарды уккула деп айтат. Апам бизди жалгыз камсыз кылып жатат.  Биз апамды абдан жакшы көрөбүз жана сагынабыз. Бизге анын мээрими жана кам көргөнү жетишпейт. Эгер Кыргызстанда жакшы жумуш болсо, ал бул жакта иштеп, биздин жаныбызда болмок. Биз апамдын кийинки келишин, биз аны тосуп баруучу күндү чыдамсыздык менен күтөбүз, Бул биз үчүн бир жылдагы эн бактылуу күн! Апа - бул биздин көзүбүздөгү жарык жана мээрим!!!!

Жолдошбекова Асель,
10 – класстын окуучусу
Ак-Түз айылы

# Картайуунун сандык көрсөткүчү: дүйнө жүзүндөгү абал

- Эл аралык статистиканын маалыматына жараша, өткөн кылымдын экинчи жарымында эле Жер жүзүндөгү орточо жашоо узактыгы 20 жылга узарды.
- 2005 – жылы 1 миллиарддан ашык адам 60 жаш курагынан ашты. 2050 – жылы өнүккөн өлкөлөрдө 65 жаштан жогорку адамдардын саны эки эседен ашык көбөйөт, жалпы саны 2 миллиарддан ашат. Дагы 30 жылдан кийин өнүккөн өлкөлөрдөгү жашоочулардын үчтөн бир бөлүгүн 60 жаштан ашкан адамдар түзөт, ал эми бүткүл дүйнө жүзү бул пропорцияга 2150- жылы келет.
- Эксперттердин ишендиргенине караганда, 2000 – жылдан 2050 – жылга чейин дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө 60 жаштагы жана андан улуу адамдардын пайыздык салымы 10 дон 21 пайызга чейин өсөт, ал эми балдардын пайыздык салымы 30 дан 21 пайызга азаят.
- Эксперттердин ишендиргенине караганда, өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү улгайган адамдардын өсүш салымы 2050 – жылга чейин 8 пайыздан 19 пайызга чейин өсөт, ал эми балдардын салымы 33 пайыздан 22 пайызга чейин кыскарат.
- Кээ бир өнүккөн өлкөлөрдө, жана өтмө экономикалуу өлкөлөрдө улгайган адамдардын саны балдардын санынан ашып кеткен, ал эми балдардын төрөлүшү калыбына келтире турган деңгээлден дагы төмөн түшкөн.



ХэлпЭйдж Интэрнэшнл



Бул бюллетень кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт. Ал кагазга басылган түрдө бардык кызыккан топтор арасында таратылат, бирок аны www.helpage.org интернет баракчасынан да тапса болот.

ХелпЭйж Интернэшналдын Чыгыш Европадагы жана Борбордук Азиядагы өкүлчүлүгү

Кыргызстан, Бишкек 720070
Абдрахманов көчөсү 204, 4- кабат
Тел: +996 312 66 46 36
Kyrgyzstan@helpageinternational.org
www.helpage.org

Пайдалуу интернет баракчалары:
«Карыялар иш аракетти талап кылат» кампаниясы:

http://www.helpage.org/Researchandpolicy/AgeDemandsAction

Дүйнө калкы боюнча маалыматтар:
http://www.helpage.org/Researchandpolicy/stateoftheworldsolderpeople/Globaldata